“Бекитилди”
Байгелди ж.б.б.н. мектебинин
педагогикалык кеңешмесинде
Эшимканова Г.Э.
“ 16 ” 2023-жыл

Байгелди жалпы билим берүү негизги мектебинин методикалык кеңешмесинин жобосу жана иш планы

1. Негизги жобо
- Методикалык кеңеш билим берүү мекеменин методикалык борбору болуп эсептелинет.
- Методикалык кабинет өз предмети боюнча мугалимдердин чыгармачылыгын өнүктүрүү, өз билимин жогорулатуу, мугалимдик чеберчилигин өстүрүү , методикалык иштерге анализ жасоо, тажрыйбаларды жалпылоо ж.б. иш- чараларды жүргүзөт.
- Методикалык кеңештин жетекчилиги окуу бөлүм башчысы тарабынан жетекчиликке алынат.
- Методикалык кеңеш өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын “Билим берүү законуна” жана нормативдик документтерге таянып иш алып барат.

2. Негизги максаты:
- Илимий – методикалык иштерди өнүктүрүү , педагогикалык коллектив үчүн бирдей типтеги маалыматтык базаны түзүү
- педагогикалык коллективге өз чеберчилигин өркүндөтүү боюнчашарт түзүү
- Билим берүүдө жаңы технологияларды колдонууга шарт түзүү
- Мугалимдердин методикалык кыйынчылыктарына жардам берүү, корректирлөө
- Чыгармачыл мугалимдердин инициативасын колдоо, педагогикалык өзгөчөлүгүн колдоо
- Иш тажрыйба алматыруу
- Мугалимдердин профессионалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу
- Коомдук, маданий жактан активдүү мугалимдерди колдоо, стимулдаштыруу
- Берилген предметтердин жаңыланышын , өзгөрүшүнө жардам көрсөтүү.

Методикалык иштер

- Педагогикалык коллективге методикалык жардам көрсөтүү
- Өз убагында кыйынчылыктарга туш келген мугалимдерге методикалык жардам берүү
- Пед. коллективди аттестациялоодо жардам көрсөтүү
- Ар кандай методикалык иш- чараларды уюштуруу (тренинг, семинар)
- Мугалимдер арасында тажрыйба алмашууну уюштуруу
- Жаш мугалимдердин адаптацияны жардам көрсөтүү, алардын педагогикалык чеберчилигин өстүрүү

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | убагы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектептик нормативдик документтерди толтуруу боюнча методикалык жардамдар, инструктаж (класстык журнал, өндүрүштүк пландар, конспект, өздүк дело ж.б.) | Ар дайым | ОББ<br>Насаатчылар<br>МК жетекчилери |
| 2 | Жаңы келген , жаш мугалимдер үчүн методикалык жардамдар , семинарлар | Ар дайым | ОББ<br>Насаатчы мугалимдер |
| 3 | Методикалык бирикмелердин иштерин пландаштыруу | Август<br>январь | ОББ<br>МБ жетекчилери |
| 4 | Административдик текшерүү иштердин материалдарын бекитүү | План боюнча<br>Чейрек алдында | ОББ<br>Предметниктер |
| 5 | Предметтик мугалимдердин календардлык – тематикалык пландарын программа , райондук секциялык иштин негизинде түзүү жана бекитүү | Август<br>сентябрь | ОББ |
| 6 | Предметтик мугалимдердин календардлык – тематикалык пландарын аткарылышы, 2- жарым жылдыкты пландаштыруу | январь | ОББ<br>Предметниктер |
| 7 | Акы төлөнүүчү , төлөнбөөчү кружоктордун иштерин пландаштыруу, календарлык пландарын бекитүү. Физикалык кружоктордун пландарын бекитүү | Август<br>сентябрь | ОББ<br>Кружок жетекчилери |
| 8 | Жетишпеген , шыктуу балдар менен иштөө боюнча иш- чараларды уюштуруу, пландаштыруу | Август<br>сентябрь | ОББ |
| 9 | Олимпиядаларды, ар кандай конкурстарды өткөрүү боюнча инструктаждар | План боюнча | ОББ |
| 10 | Чейректин жыйынтыгы боюнча жазуу иштеринин материалдарын бекитүү | Чейрек сайын | ОББ |
| 11 | Ай ичинде предметтик декадалар өткөрүү боюнча жардам ( ачык сабактар, класстан тышкаркы иш чаралар, стенгазеталар) | План боюнча | ОББ<br>МБ жетекчилери |
| 12 | Предметниктер, класс жетекчилер, кабинет жетекчилери үчүн методикалык жардам | дайыма | ОББ |
| 13 | Бүтүрүүчү класстар менен иш алып барууга предметтик, класс жетекчи мугалимдерге жардам. | дайыма | ОББ<br>Администрация |
| 14 | Ай сайын метод алмашуу максатында методикалык бирикмелердин ачык сабактарын, мастер – классын уюштуруу | Ай сайын | ОББ |
| 15 | Окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүүдө класс жетекчилер үчүн инструктаж | Сентябрь<br>январь | ОББ |
| 16 | Иш- тажрыйба жайылтуучу мугалимдердин иш- планын бекитүү | Сентябрь | ОББ |
| 17 | Методикалык тема боюнча алган билимдерди практикада колдонуу боюнча жардамдар, материалдык практикада колдонуу | дайыма | ОББ |
| 18 | Сырттар келген иш – чаралар боюнча көрсөтмөлөр, жардамдар | дайыма | ОББ<br>Насаатчылар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19 | Предметтик мугалимдердин билимин жогорулатуу курсуна барууну уюштуруу | План боюнча | ОББ |
| 20 | Окуу кабинеттерин жасалгалоо, методикалык бурчтарды уюштурууда методикалык жардам берүү | дайыма | ОББ |
| 21 | Административдик иштердин жыйынтыгына диагностика, анализ | дайыма | ОББ |